Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012 жылдын 19 мартындагы № 184 токтому менен бекитилген

# Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматын 2012-2014-жылдарда өнүктүрүү стратегиясы

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-майындагы № 257 токтомунун редакциясына ылайык)*

## I. Киришүү

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматын (мындан ары - МСК) өнүктүрүүнүн бул стратегиясы (мындан ары - Стратегия) 2012-2014-жылдарда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматын өнүктүрүүнүн болжолдорун, миссиясын, стратегиялык максаттарын, ага жетүүнүн негизги милдеттерин, ошондой эле коюлган милдеттерди ишке ашыруу чараларын жана механизмдерин аныктаган документ болуп саналат.

Бул Стратегияны иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-сентябрындагы № 540 токтому менен жактырылган Кыргыз Республикасын 2012-2014-жылдарда өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасы, орто мөөнөттүү мезгилге МСКны реформалоонун негизги багыттарын, өнүктүрүүнүн такталган артыкчылыктарын аныктоо, салыктык жөнгө салуунун принциптүү жаңы, азыркы учурдагы жолдорун жана ыкмаларын кайра карoo жана жайылтуу, ошондой эле конкреттүү натыйжаларга жетишүүгө багытталган милдеттерди ишке ашыруу боюнча конкреттүү иш-чараларды иштеп чыгуу зарылчылыгы менен шартталган.

Стратегияны иштеп чыгуу методологиясы эки этапты: талдоо жүргүзүү жана пландаштыруу этаптарын камтыйт.

Талдоо жүргүзүү этабы проблемаларды, максаттарды жана милдеттерди талдоого алууну болжолдойт, анын жүрүшүндө салыктык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү иштердин абалы, МСКнын келечектеги болжолдорун, өнүктүрүү артыкчылыктарын жана коюлган максатка жетүү жолдорун аныктоо үчүн салык органдарынын иши иликтөөгө алынды.

Пландаштыруу этабы Стратегиянын структурасын иштеп чыгууну, иш-чараларды, ресурстарды жана сарптоолорду пландаштырууну, мониторинг жана баалоо системасын иштеп чыгууну камтыйт.

## II. МСКнын азыркы абалы, миссиясы жана болжолу

Көз карандысыздыктын жылдарында өлкөдө салыктык жөнгө салуу системасын реформалоого багытталган чаралар көрүлдү. Реформанын жүрүшүндө 2009-жылдын 1-январынан тартып Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин (мындан ары - Салык кодекси) жаңы редакциясы колдонууга киргизилди.

Салык кодексинде салыктарды жөнгө салуу чөйрөсүндөгү эң маанилүү милдеттерди чечүү каралган. Салыктык жөнгө салууну сапаттык жактан жакшыртуу үчүн укуктук негиздерди түзүү, жөнгө салуу жагынан негизсиз күч келтирүүнү төмөндөтүү, ак ниет салык төлөөчүлөрдүн ишин стимулдаштыруу аркылуу бизнес жүргүзүү үчүн ыңгайлуу шарт түзүп берүү бул милдеттердин айрымдары болуп саналат. Салык кодексинин жаңы редакциясы салык мыйзамдарын республиканын башка мыйзамдары менен шайкеш келтирүүгө, ченемдик укуктук актылардагы карама-каршылыктарды жана мүчүлүштөрдү четтетүүгө багытталган.

Кийин, салык мыйзамдарына анын ченемдерин өркүндөтүүгө багытталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди. Киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолорду карап чыгуу аларды бизнес-жамааттар жана эксперттер менен талкуулоонун жүрүшүндө ишке ашырылды, бул иштер туруктуу иштеген биргелешкен эксперттик жана коомдук аянтчаларда тийиштүү сунуштарды кароону камтыды.

Жалпысынан алганда Салык кодексинде заманбап натыйжалуу салык системасын түзүү үчүн укуктук негиздер түптөлдү.

Салык мыйзамдарын реформалоо менен катар эле салык кызматынын өзүнүн ишин модернизациялоо процесси жүрдү. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 16-майындагы № 249 Жарлыгы менен бекитилген 2007-2010-жылдарда өлкөнү өнүктүрүү стратегиясында каралган милдеттерге ылайык, Азия өнүктүрүү банкынын (АӨБ) техникалык жана финансылык колдоосу менен республиканын салык кызматтарынын системасында 2008-жылдан тартып «Салыктык жөнгө салууну реформалоо жана модернизациялоо» долбоору ишке ашырыла баштады.

Анын биринчи этабынын чегинде салык органдарынын инфраструктурасы жарым-жартылай жаңыртылды, уюштуруу структурасында кайра түзүүлөр жүргүзүлдү, анын натыйжасында структуралар жана иш процесстери функционалдык принцип боюнча жайгаштырылды. Айрым долбоордук (пилоттук) бөлүмчөлөрдө тийиштүү инфраструктура түзүлдү жана «бирдиктүү терезе» принциби боюнча салык төлөөчүлөр менен иш жүргүзүүнүн механизмдери киргизилди, МСКнын кызматкерлерин жана салык төлөөчүлөрдү окутуу үчүн Окуу борбору түзүлдү. 2010-жылдын августунан тартып Өлкөнү салыктык жөнгө салуунун маалыматтык системасын (ИСНАК) иштеп чыгуу башталды, 2012-жылы аны этабы менен киргизүү пландаштырылган. Бишкек шаарында жана Чүй облусунда салык отчётторун электрондук түрдө берүү системасы ишке киргизилди.

Эл аралык финансы корпорациясынын (ЭФК) техникалык колдоосу менен ири салык бөлүмчөлөрүндө салыктарды төлөбөө коркунучуна баа берүү механизмдерине негизделген көчмө салык текшерүүлөрүн пландаштыруу, дайындоо жана жыйынтыктарын иштеп чыгуу жагынан автоматташтырылган система иштелип чыкты жана киргизилди.

Жалпысынан алганда салыктык жөнгө салуу системасын реформалоо боюнча чаралар фискалдык органдын ишинин натыйжаларына оң таасирин берди. Алсак, соңку үч жылдын ичинде салык органдары жыйноочу салыктардын жана төлөмдөрдүн түшүшү туруктуу түрдө өскөндүгү байкалды. Бул жылдардын ичинде салык жыйымдарынын көлөмү 2009-жылдагы 21,1 млрд. сомдон 2011-жылы 30,3 млрд. сомго чейин көбөйдү, ИДПдагы салык кирешелеринин салыштырма салмагынын көрсөткүчү 0,9 пайыздык пунктка (10,7ден 11,6%га чейин) өстү. Активдүү чарбакер субъекттердин санынын көрсөткүчүнүн өсүшүндө оң динамика байкалды. Чарбакер субъекттерге салыктык текшерүүлөрдүн санын кыскартууда

мындай текшерүүлөрдүн натыйжалары боюнча аныкталган салыктардын жана төлөмдөрдүн бюджетке түшкөн суммасынын көрсөткүчү өсүп бара жатат.

Ошол эле учурда жетишилген прогресске карабастан салыктык жөнгө салуунун айрым проблемалары чечилбей калып жаткандыгын талдоолор көрсөттү, бул негизинен салык органдарынын ишинин жетиштүү натыйжалуу эместиги, жөнгө салуунун эскирген, натыйжасыз түрлөрү жана каражаттарынын орун алышы менен байланышкан.

Тейлөө кызматын көрсөтүүгө накта фискалдык багыт алган кызматтардын ишиндеги акцентти өзгөртүүнү караган фискалдык органдын ишиндеги артыкчылыктарды кайра кароонун жана модернизациялоонун принциптүү маселелери чечилген жок.

Салык төлөөчүгө көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын камсыз кылуу, коррупциялык байланыштардын пайда болушу үчүн шарттарды азайтуу, башка мамлекеттик органдар жана коомдук институттар менен өз ара аракеттерди жакшыртуу, ички жумушчу функцияларды жана процесстерди оптималдаштыруу, кызматтын кадрдык курамынын сапатын жогорулатуу маселелери аягына чейин чечилген жок.

Бир жагынан алганда мамлекеттин салык саясатын ишке ашырууда өзүнүн ролуна жана милдеттерине салык кызматынын көз карашын жана мамилесин өзгөртүү, ой жүгүртүүнү өзгөртүү милдеттеринин чечилиши, экинчи жагынан салык төлөөчүлөрдүн жана жарандардын өздөрүнүн милдеттерине мамилесин жана позициясын жана мамлекет менен коомдун алдындагы жоопкерчилигин кайра кароо маселеси эң негизгиси болбогон күндө да, маанилүү маселе болуп кала берүүдө.

Салык төлөөчүнүн Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын аткарышына көмөк көрсөтүү мамлекеттик башкаруу структурасында МСКнын миссиясы болуп саналат.

МСКнын иши коомдун жана мамлекеттин керектөөлөрүн канааттандырып, натыйжалуу иштеген заманбап салыктык жөнгө салууга өзгөртүп түзүүгө багытталууга тийиш.

## III. Стратегиялык максаттар

Стратегиянын негизги логикасы салыктын жыйналышын жогорулатуу зарылдыгы менен салык төлөөчүнүн административдик оорчулугун төмөндөтүүнүн ортосундагы баланстын сакталышын эске алуу менен жалпысынан салыктык жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылууда турат.

Ушуга таянып жана МСКнын миссиясын жана болжолун эске алуу менен орто мөөнөттүү мезгилге төмөнкүдөй стратегиялык максаттар аныкталды:

1) МСКнын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу;

2) кардарга багыт алууну өнүктүрүү;

3) салык жыйноо мүмкүнчүлүгүн арттыруу.

1. МСКнын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу

МСКны башкаруу системасын өркүндөтүү, ички бизнес-процесстерди оптималдаштыруу, персоналдын квалификациясын жана мотивациясын жогорулатуу натыйжалуу иштөөчү заманбап салыктык жөнгө салууга МСКны кайра түзүү үчүн негиз болуп саналат. Ушуга байланыштуу төмөнкү милдеттерди чечүү зарыл.

1) Уюштуруу түзүмүн жана ички функцияларын оптималдаштыруу

МСКнын бардык деңгээлдеринде салык текшерүүлөрүн жана башка контролдук милдеттерди ишке ашыруучу финансылык, кадрдык жана юридикалык маселелер боюнча бөлүмчөлөр, кызматкерлер иштейт. Мында аймактык органдарда аталган ресуртарды жайгаштыруу жана топтоо аларды күтүүгө мамлекеттин чыгымдарынын (аймактын салыктык чакан базасын эске алганда) көз карашынан алганда да, бизнеске ашыкча администрациялык оорчулукту кыскартуу жагынан алганда да өзүн актабайт. Буга байланыштуу чакан аймактык бөлүмчөлөрдө бири-бирин кайталаган функцияларды жоюу, аларды алда канча бийик деңгээлдеги башкарууга топтоштуруу, ресурстарды ирилешкен салык органдарына жана борбордук аппаратка кайра бөлүштүрүү, аналитикалык жана маалыматтык-технологиялык бөлүмчөлөрдүн мүмкүнчүлүгүн күчөтүү зарыл.

Бул милдет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү салыктарды жөнгө салуу боюнча милдеттерди берүү тууралуу маселесинин чечилиши менен удаалаш ишке ашырылат.

Мындан тышкары МСКнын ишин оптималдаштыруу максатында салык органдарынын ичиндеги түзүмүн, функциясын жана иш процесстерин кайра карап чыгуу зарыл.

2) МСКдан ашыкча функцияларды алып салуу

Азыркы учурда МСКга бир катар ага таандык эмес жана ашыкча милдеттер, атап айтканда иштебеген жана башка салык төлөөчүлөрдү мажбурлап жоюу, жөнгө салуу функциялары жана өзүндө фискалдык түзүүчүлөрү болбогон, адам жана убакыт ресурстарын алагды кылган функциялар жүктөлгөн. Андыктан талдап көрүп, МСКга тийиштүү болбогон функцияларды алып салуу керек.

3) Кадр потенциалын чыңдоо

Кадр саясатын жакшыртуу - МСКны реформалоодогу орчундуу маселе. Бүгүнкү күндө салык кызматына тандап алууда кызматкерлерге мамлекеттик кызматчылар үчүн каралган жалпы талаптар коюлат, мында аттестациялоо системасы колдонулат. Анда кызматкердин билимине калыс эмес баа берүүгө мүмкүндүк берген элементтер болгондуктан, жетиштүү өлчөмдө натыйжалуу болуп саналбайт. Мындан тышкары аттестациялоонун бул системасы аны өткөрүү мөөнөттөрүнүн ортосундагы мезгилдер узак болгондуктан таасири жок. МСКга орноштурууда органдын өзгөчөлүгүн эске алуу менен квалификациялык талаптарды кайра кароо жана жогорулатуу зарыл. Кызматкерлердин ишине баа берүүдө ачык-айкын натыйжаларга негизделген системаны иштеп чыгуу жана колдонуу керек. Ал персоналды мотивациялоо системасы менен байланышта каралууга (кызматкерге баа берүүдө анын иштеген кызматына ылайык келерлиги, кызмат боюнча көтөрүлгөндүгү, материалдык сыйлыктары ж.б.) тийиш. МСК кадрларын окутуу жана квалификациясын жогорулатуу системасын реформалоо боюнча концепцияны аныктоо жана чараларды ишке ашыруу зарыл.

4) Материалдык-техникалык базаны чыңдоо, кызматкерлердин эмгек акысын көбөйтүү

Бардык жерде автоматташтырууну киргизүү, кардарларга багыттоого өтүү, МСКнын кызматкерлеринин мотивациясын жогорулатуу, коррупциянын алдын алуу жана МСКны ийгиликтүү реформалоо үчүн зарыл болгон башка көп факторлор кыйла финансылык жана техникалык камсыздоону талап кылат. Ушул максатта мамлекеттик бюджетте пландаштырылуучу иш-чараларды каржылоону алдын ала кароо, донор уюмдарынын каражаттарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кароо керек. Зарыл болгон финансылык чыгымдарды аныктоо үчүн МСК инфраструктурасындагы реалдуу керектөөлөргө баа берүү талап кылынат. Баалоонун натыйжасы боюнча негиздүү эсептөөлөрдү эске алуу менен МСКнын бюджети аныкталат, ал МСКны реформалоого чыгымдардын көбөйүшүнөн болуучу натыйжаны чагылдырууга тийиш. Мында кыска мөөнөттүү мезгилде МСКнын кызматкерлеринин эмгек акысынын өлчөмүн реалдуу көбөйтүү үчүн мамлекеттик бюджетте каражат кароо зарыл, аны бюджетке салыктарды жыйноонун жалпы көбөйтүлүшү жана кызматтагы персоналдын ишине баа берүү системасы менен байланыштыруу кажет.

5) Салык органдарынын ишине баа берүү системасын кайра кароо

МСКнын ишине азыркы учурдагы баа берүү негизинен бюджеттин кирешe бөлүгүнүн жана айрым контролдук чөйрөлөрдүн планынын аткарылуу көрсөткүчтөрүнө таянуу менен ишке ашырылат. Мындай мамиле ведомстволук түзүмдөрдү ички аудиттен өткөрүүдө пайдаланылат (ички аудит үчүн белгиленген маморгандардын функциясын эске алганда), мындайда басым иштеги байкалган кемчиликтерди жана тартип бузууларды системалуу талдоого алууга эмес, МСКнын кызматкерлерине жаза колдонууга карата жасалат. МСКнын ишиндеги артыкчылыктарды Стратегияга ылайык кайра кароону эске алуу менен бул чөйрөдө мамилелерди жана тийиштүү көрсөткүчтөрдү жалпысынан кайра кароо жана өзгөртүү зарыл.

6) Салыктык жөнгө салуу процесстерин автоматташтыруу

Азыркы учурда МСКнын 32 аймактык бөлүмчөсүндө салыктык жөнгө салуунун бардык жол-жоболору (кирешелерди эсепке алуу, отчетторду иштеп чыгуу, чыгуучу документтерди, ички отчетторду толтуруу) кол менен жүргүзүлөт, 17 салык органында эсеп эскирген программаны пайдалануу менен жүргүзүлөт. Буга байланыштуу МСКнын алдында турган милдеттерди сапаттуу ишке ашыруу максатында жөнгө салуунун борбордоштурулган автоматташтырылган бирдиктүү системасын киргизүү зарыл. Мында жаңы системаны киргизүү процесси өзү камтыган региондордун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен этап-этабы боюнча жүргүзүлүүгө тийиш.

МСКда салык документтерин кагазга кол менен жазып жүргүзүүдөн алда канча өндүрүмдүү жана сапаттуу жүргүзүү ыкмалары менен алмаштыруу, мисалы, атайын сканерлердин жардамы менен иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн кароо зарыл.

МСКнын алдында мамлекеттик ишкана же чарбалык эсепте иштеген мекеме түзүү маселеси олуттуу болуп саналат, алар программалык продуктуларды иштеп чыгуу жана маалымат технологиясы чөйрөсүндө маалымат системалары менен коштоо функцияларын да аткарат. Бул болсо МСКга жогорку деңгээлде дасыккан адистерди тартууга, салык органдарын адистештирилген программалык каражаттар менен сапаттуу камсыз кылууга, азыркы жана келечектеги системаларды коштоого мүмкүнчүлүк берет.

7) Салыктык-укуктук мамилелердин башка катышуучулары менен өз ара аракеттенүүнү өркүндөтүү

Мамлекеттик башкаруунун башка органдарынын - салыктык-укуктук мамилелердин катышуучуларынын: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын (МКК), Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (Соцфонд), Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин (ИИМ) ж.б. маалыматын МСКнын оперативдүү пайдалана албастыгы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Борбордук казыначылык жана коммерциялык банктар, юстиция жана статистика органдары менен өз ара аракетинде тийиштүү механизмдин жана форматтардын өркүндөбөгөндүгү салыктык жөнгө салуунун натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизет. Буга байланыштуу он-лайн режиминде ведомстволор ортосунда маалымат алмашууну камсыз кылуу, салык төлөөчүнүн жекече номерине милдеттүү түрдө байланыштыруу менен тийиштүү органдардын маалымат базаларын түзүү маселелерин кошкондо, аталган проблемаларды чечүү боюнча биргелешкен чаралардын комплексин иштеп чыгуу зарыл.

## 2. Кардарга багыт алууну өнүктүрүү

Салыктык жөнгө салууда кардарга багытталган мамилени түзүү эң мыкты дүйнөлүк практикалардын бири катары таанылат. Азыркы учурда бул жагынан проблемалар бар, алар салык кызматын көрсөтүүнүн сапатына салык төлөөчүлөрдүн канааттанбагандыгынан жана салык алуу маселелери боюнча коомдун маалыматынын жетишсиздигинен көрүнөт. Белгиленген жаңы артыкчылыктарды эске алуу менен төмөнкү милдеттерди чечүү керек.

1) Бизнести каттоо функцияларын кайталоого жол бербөө

Бизнести каттоонун колдонулуп жаткан системасы тийиштүү мамлекеттик органдарда каттоо функцияларын кайталоо менен жүрөт. Бүгүнкү күндө жеке ишкер каттоо жол-жоболорунан өтүү максатында МСКга, Соцфондго жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине (Улуттук статком) кайрылууга туура келет. Кайталоого жол бербөө максатында МСКда жеке ишкерлерди бирдиктүү мамлекеттик каттоо системасын киргизүү зарыл.

2) Фискалдык функцияларды бир мамлекеттик органга топтоштуруу

Мамлекет тарабынан бизнести жөнгө салуу маселелеринде чет өлкөлөрдүн оң практикасын жана саясатын талдоо бул чөйрөдө өлкөлөрдүн саясаты негизинен бизнести контролдогон мамлекеттик ведомстволордун (функциялардын) санын кыскартууга багытталган. Мында функцияларды бир органга топтоштуруу жолу менен бизнести контролдоо ишке ашырылат. Бул мамлекеттин чыгымдарын кыскартууга жана ишкерлерге ашыкча кысым жасоону төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет.

Бул Стратегиянын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мурда кабыл алган чечимдердин чегинде камсыздандыруу төгүмдөрүн жөнгө салуу функцияларын МСК органдарына өткөрүп берүү боюнча чараларды ишке ашыруу зарыл.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Бажы союзуна кириши боюнча чечимдердин ишке ашырылышына жараша Кыргыз Республикасынын Бажы союзуна кирген өлкөлөр менен өз ара соодасында импортко кыйыр салыктарды кошумча нарк салыгы (КНС) төлөө жана декларациялоону контролдоо функцияларын МСК органдарына өткөрүү боюнча даярдык көрүү чараларын ишке ашыруу маселелерин иштеп чыгуу зарыл.

3) Салык төлөөчүлөр үчүн тейлөө пункттарынын жаңы түрлөрүн түзүү жана иштеп жаткандарын кеңейтүү (Тейлөө борбору, Колл-борбор, Салык төлөөчүлөрдүн кабинети)

Салык төлөөчү МСК менен байланышканда «бирдиктүү терезе» принциптерине негизделген салык төлөөчүлөр үчүн тейлөө пункттарынын иштеп жаткан түрлөрүн өлкө боюнча киргизүү жагынан иштерди улантуу зарыл. Мында өлкөнүн Чүй жана Ош облустарында тейлөө борборлорун (декларацияларды борбордоштуруп иштеп чыгуу милдети тагылган) түзүү керек. Аларда салык төлөөчү өзүнүн салыгы катталган жана жашаган жерине карабастан салык кызматынын бүткүл комплексин: салыкты каттоону, консультация алууну, бюджет менен өз ара мамилелер жөнүндө маалыматтарды, салык декларациясын берүү мүмкүнчүлүгүн ж.б. ала алат.

Мындан тышкары МСКнын борбордук аппаратында тейлөө пунктунун жаңы түрүн - Колл-борборду түзүү жана пайдаланууга берүү керек, ал телефон байланышы жана Интернет аркылуу салык маселелери боюнча салык төлөөчүгө маалымат берет.

Бүтүндөй алганда МСК сайты аркылуу, анын ичинде сайтта Салык төлөөчү кабинетин түзүү жолу менен салык кызматын алуу боюнча мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү милдети турат. Ал аркылуу салык төлөөчүлөр акысыз негизде электрондук салык отчётторун, ар түрдүү арыздарды жана маалыматтарды түзүүгө жана берүүгө, салык боюнча карыздар же ашык төлөөлөр ж.б. жөнүндө консультация жана маалымат ала алат.

4) Салык төлөөнүн инновациялык ыкмаларын киргизүү

Азыркы учурда салык төлөөчү салыкты банк системасы аркылуу гана төлөй алат. Салык төлөмдөрүн төлөөнүн альтернативалуу формаларын киргизүү, атап айтканда төлөм терминалдары, мобилдик Интернет-банкинги ж.б. аркылуу төлөө үчүн зарыл шарттарды түзүү актуалдуу маселе болуп саналат.

5) Салык отчётторунун формаларын, аларды берүү жана салык төлөө мөөнөттөрүн оптималдаштыруу

Ченемдик актыларда толтуруу үчүн татаал болгон салык отчётунун формалары, отчёт берүүнүн жана салык төлөөнүн жогорку жыштыгы, салыктарды төлөө мөөнөттөрү менен декларациялоо мөөнөттөрүн синхрондоштуруу каралган. Бир календарлык жылдын ичинде салык төлөөчү салык отчетун берүү максатында салык органына орто эсеп менен 24-30 жолу барат. Мында ал ар бир отчёт боюнча салык төлөөгө милдеттүү, төлөө мөөнөтү жана аларды берүү айрым учурларда бири-биринен айырмаланат. Буга байланыштуу жалпы алганда отчёттуулуктун жана акы төлөөнүн жыштыгын кыскартуу, ошондой эле декларациянын формасын жөнөкөйлөштүрүү отчёт берүү жана ал боюнча салык төлөө мөөнөтүн синхрондоштуруу зарыл.

Мамлекеттик органдардын салык төлөөчүдөн ар түрдүү маалымкаттарды талап кылуу системасын тартипке келтирүү жана салык органдарынын аларды берүү тартибин регламенттөө керек.

6) Салык кызматынын салык төлөөчүлөр менен өз ара аракетинин деңгээлин жакшыртуу

Салык төлөөчүлөрдүн салык органдары менен өз ара аракеттеринин колдонулуп жаткан формалары (тейлөө пункттары, МСКнын сайты, МСКнын алдындагы Коомдук байкоочу кеңеш, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин (ЭМ) алдындагы Методологиялык кеңеш менен катар жаңы формаларды киргизүү жана кеңейтүү зарыл, атап айтканда ал салык төлөөчүлөрдү

дайыма сурап туруу системасын киргизүү (кайта байланыш түзүү), медиа-мейкиндикти, эксперттик жана коомдук аянтчаларды пайдалануу менен жүргүзүлөт. Аларды андан ары ишке киргизүү менен эң мыкты эл аралык практикаларды талдоо зарыл. МСКнын кардарларга багыт алуусун жогорулатуу максатында салык төлөөчүлөр менен МСКнын кызматкерлеринин жүрүм-турум эрежелерин иштеп чыгуу жана киргизүү керек. Коомдо салык маданиятын жогорулатуу боюнча чаралар иштелип чыгат.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-майындагы № 257 токтомунун редакциясына ылайык)*

7) Салыктар боюнча ашык төлөөнү кайтаруу жана ордун толуктоо системасын жөнөкөйлөтүү

Бүгүнкү күндө МСК боюнча ашык төлөөнү кайтаруунун жана салык төлөөчүлөргө ордун толтуруп берүүнүн өтө татаал системасынын болушу курч проблемалардын бири болуп саналат, ушунун кесепетинен салыктын бул түрү боюнча ашык төлөмдөрдүн тынымсыз өсүшү байкалат, бул субъекттин жүгүртүү каражаттарын тартууга алып келет жана анын финансылык-экономикалык абалына терс таасирин тийгизет. Буга байланыштуу салыктардын башка түрлөрү боюнча карыздарды тыңдыруунун эсебине МСК боюнча ашык төлөөнү пайдалануу жагынан колдонулуп жаткан мыйзамдык чектөөлөрдү кайра кароо зарыл. Мында Казначылыкта атайын, максаттуу эсеп түзүү мүмкүнчүлүгүн кароо керек, ага салыктар боюнча ашыкча төлөмдөрдү кийин төлөп берүү үчүн МСКдан түшкөн сумманын бир бөлүгү чегерилет. Аны менен катар эле салыктар боюнча ашык төлөмдөрдү кайтаруу жана ордун толтуруу боюнча жол-жобону жана салык төлөөчүлөрдүн кайрылуусун кароо мөөнөтүн жөнөкөйлөтүү керек.

3. Салыктардын жыйналуу мүмкүнчүлүгүн арттыруу

Мамлекеттин бюджетин салык кирешеси менен камсыз кылуу МСКнын табигый салыктык функциясы болуп саналат, анткени мамлекеттин милдеттенмелерин аткаруу жагынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн потенциалын жогорулатат. Бул максатка жетишүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү зарыл.

1) Тобокелге баа берүүгө негизделген салык контролунун системасын кеңейтүү

Азыркы мезгилде көчмө текшерүүлөр гана тобокелдердин негизинде салык контролунун автоматташтырылган системасына киргизилген, мында айрым ири ведомстволук салык бөлүмчөлөрү бул системага камтылган. Бул системаны салык контролунун башка формаларына да жайылтып, аны бүткүл өлкө боюнча киргизүү зарыл. Камералык текшерүү сыяктуу салык контролунун формаларын активдүү пайдалануу керек.

2) Жергиликтүү салыктарды жөнгө салуу механизмин өркүндөтүү

Мүлккө салыктарды жөнгө салуунун колдонулуп жаткан системасына талдоо жүргүзүү, бул чөйрөдөгү эл аралык тажрыйбаны иликтөө, салык алуунун альтернативалуу методдорун карап чыгуу зарыл. Чарбак участкалары боюнча жер салыгын жөнгө салуу менен байланышкан проблемаларды эске алганда салыктын бул түрүн эсепке алуу жана контролдоонун колдонуудагы формаларын кайра кароо керек.

3) «Көмүскө» секторду кыскартуу боюнча сектордук программаларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу

Өлкөнүн экономикасында «көмүскө» сектордун кыйла үлүштө болушу жалпысынан өлкөнү өнүктүрүүгө, ошондой эле бул Стратегиянын максаттарын ийгиликтүү жүзөгө ашырууда олуттуу коркунуч болуп саналат. «Көмүскө» сектордун болушу салык кызматынын башкы өнөгү жана алдыдагы реформалардын активдүү катышуучусу болгон ак ниет бизнестин атаандашуу жөндөмүнө терс таасирин тийгизет. «Көмүскө» секторду легалдаштыруу үчүн жалаң контролдук чаралар жетишсиз, бизнести «көмүскө абалдан» чыгаруу жолдорун стимулдаштырган башка чаралардын болушу зарыл. Бул учурда, экономиканын айрым секторлорун, атап айтканда, кийим тигүү тармагы сыяктуу секторлорду легалдаштыруунун оң тажрыйбасын пайдалануу зарыл. Бул үчүн экономиканын «көмүскө» секторлорун легалдаштыруунун адекваттуу программаларын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу керек.

4) Салык төлөөдөн качуу жана салыкты өндүрүү чөйрөлөрүн контролдоонун натыйжалуу механизмдерин киргизүү

Соңку жылдарда КНС боюнча «жалган эсептерди» ак ниет эмес субъекттердин пайдалануу чөйрөлөрүнүн көбөйүшү, ошондой эле продукцияны сатып өткөрүүнүн иш жүзүндөгү баасын төмөндөтүп айтуу проблемага айланууда. Бул чөйрөдө контроль жүргүзүүнүн колдонуудагы каражаттарын өркүндөтүү жана натыйжалуу пайдалануу, ошондой эле контролдун жаңы түрлөрүн киргизүү боюнча чараларды көрүү талап кылынат. Ошол эле мезгилде субъекттердин салык жагынан карыздарын мажбурлап өндүрүүнүн чараларын күчөтүү маселелерин иштеп чыгуу зарыл болууда.

5) Салыктык укук бузуулар үчүн жоопкерчилик системасын кайра карoo

Айрым укук бузуулар үчүн административдик айыптардын колдонуудагы өлчөмдөрүнө талдоо жасоо укук бузуунун даражасына карата административдик айыптар суммасынын адекваттуу эместигин көрсөттү. Мындай жагдай салыктарды жашыргандыгы үчүн салык төлөөчүгө салык санкцияларын колдонуу системасында түзүлгөн анын колдонулуп жаткан тартиби татаалдыгы менен мүнөздөлүп, мында адекваттуу эместик жана айрым учурларда санкциялардын колдонууга болбостугу өңдүү элементтер бар. Буга байланыштуу тийиштүү талдоо жүргүзүүнүн натыйжаларынын негизинде ченемдик укуктук актыларга өзгөртүү киргизүү боюнча чара көрүү зарыл.

## IV. Стратегияны ишке ашыруу

Жогоруда баяндалган стратегиялык максаттарга жетүү 2012-2014-жылдарда МСКны өнүктүрүүнүн стратегиялык максаттарына жетишүү боюнча милдеттерди, чараларды жана иш-аракеттерди аныктоочу Стратегияны ишке ашыруу планында көрсөтүлгөн иш-чараларды ишке ашыруунун негизинде камсыз кылынат.

Стратегияда каралган иш-чараларды каржылоону мамлекеттик бюджеттин жана эл аралык уюмдардын каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашыруу пландаштырылууда, ал каражаттарды керектөө 1300 млн. сомго жакын суммада бааланууда. Ушуну менен катар Стратегияны ишке ашыруунун толуктугу жана сапаты керектүү финансылык ресурстардын жана булактардын болушуна көз каранды.

Стратегияда аныкталган милдеттердин аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо аны ишке ашыруудагы прогресстин деңгээлин билүүнүн куралы катары кызмат кылат, бул иш-чара төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:

- Стратегиянын максаттарынан четтөөгө жол бербөө боюнча алдын алуучу чараларды аныктоого жана колдонууга, зарыл учурда аны ишке ашыруу процессине оңдоо киргизүүгө;

- салыктык жөнгө салуу системасынын жалпы өнүгүшүнө таасир берүүнү баалоого;

- жалпысынан Стратегиянын сапаттуу ишке ашырылышын камсыз кылууга көмөк көрсөтүүгө.

Стратегияны ишке ашыруунун планында көрсөтүлгөн сапаттуу жана сандык индикаторлордун жардамы менен Стратегияга мониторинг жүргүзүү жана баалоо жүзөгө ашырылат.

Кыскартуулардын тизмеси

МСК - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик Салык кызматы

МКК - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы

МБК - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы

ИИМ - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги

ФМ - Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги

ЭФК - Эл аралык финансы корпорациясы

ЭМ - Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги

ЮМ - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги

КРУБ - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

Салык кодекси - Кыргыз Республикасынын Салык кодекси

Улуттук статком - Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

КБК - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы Коомдук байкоочу кеңеш

Соцфонд - Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду

ИСКБ - Ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармасы

МСК БА - Мамлекеттик салык кызматынын Борбордук аппараты

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-майындагы № 257 токтомунун редакциясына ылайык)*

2-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматын 2012-2014-жылдарда өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу планы**

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-майындагы № 257 токтомунун редакциясына ылайык)*

| ратегиялык ксаттар | Милдеттер | Аракеттер | Индикаторлор | Мөөнөтү | Атка |
|---|---|---|---|---|---|
| МСКнын инин тыйжалуулугун горулатуу | 1.1. Уюштуруу түзүмүн жана ички функцияларын оптималдаштыруу | 1.1.1. Иштин функционалдык принцибине толук өтүү максатында төмөнкүлөрдү кайра кароо жана бекитүү:<br>- салык органдарынын ичиндеги функцияларды жана иш жол-жоболорун;<br>- салык органдарынын жаңы уюштуруу түзүмүн;<br>- МСКнын аймактык иш бөлүмдөрүндө процесстери боюнча колдонмого талдоо жасоо жана кайра кароо | Бекитилди / бекитилген жок | 2012-ж., июнь | МСК |
| | | 1.1.2. Салык кызматынын аймактык бөлүкчөлөрүнүн жүктөмдөрүн талдоодон өткөрүү жана аларды ирилештирүү боюнча сунуштарды даярдоо | Өткөрүлдү / өткөрүлгөн жок | 2012-ж., 4-квартал | МСК |
| | | 1.1.3. Жергиликтүү салыктарды жөнгө салуу милдетин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына этабы менен өткөрүп берүүнү (региондук | Киргизилди / киргизилген жок;<br>- кабыл алынды / кабыл алынган жок | 2014-жылдын I кварталы | МСК |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | өнүктүрүүнүн/ администрациялык реформанын жалпы концепциясын эске алуу менен) караган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун даярдоо жана кароого киргизүү | | | |
| | | 1.1.4. Жергиликтүү салыктарды жөнгө салуу милдеттерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бергенден кийин төмөнкүлөрдү кайра кароо жана бекитүү (МСКнын аймактык бөлүкчөлөрүн ирилештирүү жолу менен):<br>- салык органдарынын ичиндеги милдеттерди жана иш жол-жоболорун;<br>- салык органдарынын жаңы уюштуруу түзүмүн | Бекитилди / бекитилген жок | 2014-жылдын II-IV кварталы | МСК |
| | 1.2. МСКнын ашыкча милдеттерин алып салуу (иштебеген салык төлөөчүлөрдү мажбурлап жоюу, жөнгө салуу, салык эмес төлөмдөрдү жөнгө салуу) | 1.2.1. Колдонуудагы мыйзамдарды талдоо жана МСКга тийиштүү болбогон ашыкча милдеттерди аныктоо | Өткөрүлдү/ өткөрүлгөн жок | 2012-ж., сентябрь | МСК |
